КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ
ОШ ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР
БАШКАРМАЛЫГЫ
Ош ш. ул.З.Алиев көч. № 128 (тел. (3222) 4-82-82, 4-83-82)

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ГОРОДА ОШ
г.Ош ул. З.Алиева № 128 (тел. (3222) 4-82-82, 4-83-82)

«11» 04 2021-жыл.                                        чыг. № 15/3/ 029

Ош шаардык АШКнын
төрагасы
**М. Пайзиллаевге**

Массалык маалыматтарынан алынган боюнча "Клооп" байкоочусу Ош шаарынын №5323-шайлоо участкасынын жанында топ аялдар добуш берген шайлоочуларды дептерге жазып белгилеп жатат деп билдирген.

Аталган факты боюнча чогултулган материал 2021-жылдын 11- апрель күнү саат 19:15 мүнөтө Ош ШИИБнын Ак-Буура МБнүн МЭЖ журналына №02-092-2021-001362 саны менен катталган.

Текшерүү учурунда, [redacted] жылы туулган Кимсанова Ф[redacted] Х[redacted] 2021-жылдын 11-апрель күнү Ош шаарынын Амир-Темир кичи шаарчасынын Алга көчөсүндө жайгашкан №5323 шайлоо аймагында мыйзамдуулукту сактап тороайым болуп иштеп жаткан убакта шайлоо отчу жерде эч кандай добуш сатып алуу жана добуш сатуу катталган жоктугун билдирген.

Бул факты боюнча окуяга болгон жерге барган учурда ал жерден турган Ташматова Э[redacted] А[redacted] өздүгү такталып ал түшүнүк катында 2021-жылдын 11-апрель күнү саат 19:00 чамасында Ош шаарынын Алга көчөсүндө жайгашкан №5323 шайлоо аймагында шайлоодон чыгып келе жаткан учурда тааныштарын көрүп калып алар менен сүйлөшүп туруп калгандыгын, ошол учурда эч кандай добуш сатуу жана добуш сатып алууну көрбөгөндүгүн билдирген.

Жогорудагылардын негизинде аталган фактыда кылмыштардын жана жоруктардын курамы байкалбайт, ошондуктан Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри жөнүндө убактылуу жобонун 2- главасынын 14-бөлүмүнө ылайык топтолгон материал 11.04.2021-жылы номенкулатуралык ишке тиркелип, материалга №092-2021-000008 саны ыйгарылгандыгын билдиребиз.

**Ош ШИИБдин Ак-Буура МБнүн**
**башчысынын орун басары**
**милициянын капитаны**                                        **Нуралиев Т.К.**